| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛАСТЫ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>КӨК-ОЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>КӨК-ОЙ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>КОК-ОЙСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КОК-ОЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Депутаттардын Көк-Ой айылдык кеңешинин VIII-чакырылышынын 24-отурумунун токтому**

2023-ж 17-февраль № 26 Көк-Ой айылы

**2023-жылга айыл аймагын көрктөндүрүү-жашылдандыруу, тазалыкты жана тартипти сактоо боюнча эрежелер тууралуу жобону жана иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы ПЖ №305 Жарлыгын аткаруу максатында 2023-жылга айыл аймагын көрктөндүрүү-жашылдандыруу, тазалыкты жана тартипти сактоо боюнча эрежелер тууралуу жобону жана иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө айыл өкмөт башчысынын билдирүүсүн угуп, талкуулап чыгып Көк-Ой айылдык кеңешинин кезексиз сессиясы **токтом кылат:**

1. Көк-Ой айыл аймагында көрктөндүрүү-жашылдандыруу, тазалыкты жана тартипти сактоо боюнча эрежелер тууралуу жобону жана иш-чаралар планын бекитилсин.
2. Иш-чараны уюштурууга, ийне жалбырактуу жана мөмө бактарынын көчөттөрүн сатып алуу үчүн жергиликтүү бюджеттин 2215-беренесиндеги ар кандай чыгымдар бөлүмүнөн 200,0 (эки жүз миң) сом акча каражаты каралсын.
3. Токтомдун аткарылышы айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.М. Джусупбеков**

Көк-Ой айылдык кеңешинин

2023-жылдын 17-февралындагы

№25 токтому менен бекитилди

**Көк-Ой айыл аймагында көрктөндүрүү-жашылдандыруу, тазалыкты жана тартипти сактоо боюнча эрежелер**

## 1. *Жалпы жоболор*

1. Айыл аймактын Көк-Ой айылын көрктөндүрүү жана жашылдандыруу, тазалыкты сактоо боюнча эрежелери (мындан ары Эрежелер) Кыргыз Республикасынын "Укук Бузуулар жөнүндө" кодексине, "Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө", "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, "Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилдерине турмуш тиричилик калдыктарын иштетүү натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча иш-чаралар планы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы №305 Жарлыгына жана калктуу конуштарды тышкы көрктөндүрүү жана айлана-чөйрөнү коргоо абалына талаптарды аныктаган Кыргыз Республикасынын башка ченемдик - укуктук актыларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу агенттигинин 2022-жылдын 28-ноябрындагы №262 сандуу буйругунун негизинде иштелип чыкты.
2. Эрежелер тышкы көрктөндүрүү жана жашылдандыруу жаатында бирдиктүү жана милдеттүү талаптарды белгилейт, менчигинин түрүнө карабастан бардык юридикалык жана жеке жактар үчүн айыл аймактын тегерегин тазалоонун жана тейлөөнүн тартибин аныктайт.
3. Айыл өкмөтү Эрежелерде белгиленген маселелер менен жергиликтүү маселелерди чечүүдө үчүн жеке жоопкерчиликте болушат.
4. Айыл өкмөтү өз ыйгарым укуктарынын чегинде көрктөндүрүү маселелерин аткаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү аныктайт.

1. **Катуу турмуш-тиричилик калдыктарын чогултуу жана чыгаруу иштерин уюштуруу**

5. Айыл аймакка караштуу жерде жашаган же өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзгөн физикалык жана юридикалык тараптар (абоненттер) КТТК (катуу турмуш-тиричилик калдыктарын) ташып чыгаруу кызматын көрсөтүүчү "Көк-Ой тазалык" муниципалдык ишканасы менен келишимдерди түзүүгө милдеттүү.
6. КТТК ны айыл аймакта жайгашкан мекеме-уюмдар жайгашкан жерлеринде, айыл тургундары өздөрү жашаган үйлөрүндө каптарга чогултат. Муниципалдык жолдордун жээктерине, тратуарларга, газондорго, ирригациялык каналдардан 10м ден жакын жерлерге таштанды салынган каптарды коюуга тыюу салынат.
7. "Көк-Ой тазалык" муниципалдык ишканасы менен түзүлгөн келишимдерге ылайык, айыл тургундарынын үйлөрүнөн жана айыл аймакта жайгашкан мекеме-уюмдардан чыккан катуу тиричилик калдыктарын чыгаруу ишин аткарат.
8. "Көк-Ой тазалык" муниципалдык ишканасына айыл тургундарынын таштандыларды чыгаруу үчүн атайын айылдык кеңеште кызмат көрсөтүүлөр боюнча бекитилген тарифке ылайык, түтүн башына ай сайын 60 (алтымыш) сом акча каражатын төлөшөт.
9. Көлөмдүү таштандыларды чыгаруу үчүн айыл тургундары менен "Көк-Ой тазалык" муниципалдык ишканасы жеке келишимдерди түзүү менен иш алып барышат.
10. Кыймылсыз объектилерди курууну жеке жана юридикалык жактар ишти баштоонун алдында курулуш калдыктарын чыгаруу боюнча келишимдерди түзүүгө, аларды өз алдынча (Көк-Ой айыл өкмөтү менен түзгөн келишимге ылайык) алып чыгууга милдеттүү.
11. "Жеңиш", "Кылым аянты" парктарын бак-дарактардан түшкөн жалбырактардан тазалоо, бак-дарктарды кыркуу, актап-сырдоо (санитардык абалга келтирүү) , арык жээгиндеги жана үй астындагы чөптөрдү чабуу жана башка иштердин натыйжасында чыккан таштандыларды жеке жактар жана мекеме-уюмдар тарабынан тазалоо ишке ашырылат.
12. Муниципалдык жерлерди (аянтарды), көчөлөрдү муниципалдык заказ боюнча тазалоодон чыккан катуу турмуш-тиричилик калдыктарын, таштандыларды чыгаруу айыл тургундары жана мекеме-уюмдар тарабынан, ал эми ташып чыгаруу "Көк-Ой тазалык" муниципалдык ишканасы тарабынан ишке ашырылат.

13. Коомдук жайларга таштанды таштаган челектерди орнотуу зарыл.
14. Айыл аймагындагы мекеме-уюмдарда, мектептердиг кире бериш жерлеринде таштанды челектеринин саны экиден кем болбоого тийиш.
15. Таштанды челектер бекитилип берилген аймактарды тейлөөгө жооптуу жеке жана юридикалык жактардын өз каражаттарынын эсебинен орнотулат.
16. Таштандыларды ылайыкталбаган жерлерге таштоого, өрттөөгө күнөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын "Бузуулар жөнүндө" кодексине ылайык жоопкерчилик тартышат.
17. Таштандыларды уруксатсыз таштаган адамдарды аныктоого мүмкүн болбогон учурларда, таштандыларды жок кылуу жана уруксат берилбеген таштанды таштоочу жайларды рекультивациялоо айыл өкмөтү тарабынан жүргүзүлөт.

## 1. Санитардык тейлөө жана айыл аймакты тазалоону уюштуруу

18. Жалпы пайдалануучу жайларды санитардык жактан тейлөө, таштандыларды, калдыктарды үзгүлтүксүз тазалоо, арык жээгиндеги чөптөрдү, көчөлөрдө өскөн жапайы чөптөрдү тазалоо, жашыл аянттарды, парктарды кароону камтыйт.
19. Уюмдар, чарба жүргүзүүчү субъектилердин менчик ээлери, турак-жайлардын жана турак-жай эмес жайлардын менчик ээлери өз каражаттарынын эсебинен бөлүнгөн же аларга чектеш бекитилип берилген жерлерди жума сайын санитардык тазалоого милдеттүү.
20. Айыл өкмөтү көчөдөгү убактылуу соода жайларын, соода түйүндөрү, соода объектилерине жанаша жайгашкан аймактарды тазалоо үчүн жоопкерчиликти ушул соода объектилердин ээлерине жүктөйт.
21. Суу канализациясын (дренаждык тармакты) бүтөп коюуга, ошондой эле таштандыларды, турмуш-тиричилик калдыктарын суу кудуктарына, ички арыктарга, лотокторго төгүүгө тыюу салынат.

## 4.Тартипти, тазалыкты, көрктөндүрүүнү камсыз кылуу

22. Жеке жана юридикалык жактар айыл өкмөтүнүн бүткүл аймагында, анын ичинде коомдук жайларда тазалыкты жана тартипти сактоого, көрктөндүрүү элементтеринин (жолдор, газондор, тратуарлар, кичи архитектуралык формалар, сырткы жарыктандыруулар, ирригациялык түйүндөр ж.б.) бузулушуна жана зыян тартышына жол бербөөгө ар кандай мүлк объектилерине кам көрүүгө милдеттүү.

**23.** Газондорго, балдар аянтчаларына, ирригациялык жана коллектордук-дренаждык тармактарга ар кандай багыттагы объекттерди жайгаштырууга жана ошондой эле ирригациялык тармактардын жумушчу бөлүктөрүнүн тарытуучу түтүктөрдү төшөөгө тыюу салынат.

**5. Жашылдандыруу**

**24**. Объектини жашылдандырууга төмөнкү иштер кирет:

- бак-дарактарды отургузуу;

- бак-дарактарды жана бадалдарды, гүлзарларды багуу иштери;

-куурап калган дарактарды кыюу, жыйноо;

- айыл жерин жашылдандандырууга тиешелүү дагы башка жумуштар.

**25.** Жашыл аймактарды талаптагыдай күтүү жана сактоо үчүн жоопкерчилик төмөндөгүлөргө жүктөлөт:

- Т.Кушчубаева атындагы Көк-Ой орто мектебине мектептин тегерегинде гүлдөр, А.Кеңешбеков көчөсү менен Манас көчөлөрүндө тигилген ийне жалбырактуу туя көчөттөрү, кара жыгачтар;

- Тай-Күлүк балдар балдар бакчасына бакчанын тегергиндеги бак-дарактар, гүл аянттары жана Ленин көчөсү Талас шаарына кайрылган кайрылышка чейин.

-Асель балдар бакчасына бакчанын айланасы;

-К.Момункулов атындагы Таш-Төбө орто мектебине мектептин айланасындагы мөмө-бактары. Аталган мекемелер баардык кызматтарды аткарышсын.

**26.** Жашыл аянттардын бардык түрлөрү үчүн сугаруунун жыштыгы май айынан октябрь айына чейинки аралыкта 7-10 күндөн кем болбошу керек.

**27**. Жашылдандыруу объектилеринде жашыл аянттарды сугаруу кечинде саат 18.00-19.00 дан кийин жүргүзүлөт.

**28**. Өсүшү начар бак-дарктарды жана бадалдарды, жаракалары бар, ошондой эле зыянкечтерден илдеттенден жабыркаган бак-дарктарды отургузууга тыюу салынат.

**29.** Айыл аймактардын бардык жашыл зоналар менчигинин түрүнө карабастан бирдиктүү фондту түзөт жана корголот.

**30.** Менчигинин түрүнө карабастан, аймагында жашыл аянтчалары бар юридикалык жана жеке жактарга, ишканалардын жана мекемелердин жетекчилерине милдеттендирилет. Ошондой эле жашыл аянтчаларды талаптагыдай күтүү жана сактоо жоопкерчилигин алгандар төмөндөгүлөрдү камсыздашат:

-иштеп жаткан жашыл аянтчалардын бузулбай жана жок кылынбай толук сакталышына, ошондой эле өсүмдүктөр зыянкечтерден, илдеттерден, отоо чөптөрдөн коргоону камсыз кылууга;

- жашыл зоналар өскөн аймактардын тиричилик, өндүрүш калдыктары, курулуш калдыктары жана канализация сыяктуу зыяндуу башка заттар менен булганышына жол бербөөгө;

-жайында кургакчылыкта газондорду, гүлзарларды, бак-дарактарды, бактарды сугаруу;

- газондорду тебелеп кетүү жана ага курулуш материалдарды, кумдарды, кар, каклдыктарды, муз сыныктарын сактоого жол бербөөгө;

**31.** Жаңы бак-дарактарды жана бадалдарды отургузуу, жолдордун тармагын өзгөртүү менен кайра куруу жана техниканы жайгаштыруу иштери агротехникалык шарттарды сактоо менен так белгиленген тартипте макулдашылган долбоорлор боюнча гана жүргүзүлүүгө тийиш.

**32.** Жашылдандырылган аймактарда төмөнкүлөргө тыюу салынат:

-жашыл аянтчаларды кыюуга же жок кылууга уруксат берилген учурларды кошпогондо, жашыл аянтчаларды кыюуга жана жок кылууга;

- тиешелүү кызматтардын макулдугу жок бак-дарактарды, бадалдарды кыюуга жана отургузууга, огородторду жана газондорду иретке келтирүүгө;

-калдыктарды жана башка булганган заттарды газондорго төгүүгө;

-жалбырактарды күйгүзүүгө, жапырт жалбырактар түшкөн мезгилде аларды арыктарга шыпырып салууга, алар менен бак-дарактарды, бадалдарды көмүп салууга (аларды көчө бойлой жайылып кетпеш үчүн чогултуу жана таштанды төгүүчү жайга алып баруу максатка ылайыктуу).

-от жагууга жана өрт коопсуздук эрежелерин бузууга;

-бак-дарактарга мыктарды кагууга, зыян келтирүүчү жарнактарды, кулактандырууларды, мамлекеттик номурларды, зымдарды, белгилерди, лампаларды, гриляндаларды, башка тосмолорду тосууга;

-дарактардан шире, чайыр алууга, кабыгын кесип оюктарды жасоого жана башка механикалык зыяндарды келтирүүгө;

- белгиленген эрежелер боюнча макулдашуусуз инженердик коммуникацияларды төшөө үчүн казуу иштерин жүргүзүүгө, газондордо жана башка жашыл мейкиндиктери бар аянттарда транспорт каражаттарын өткөрүүгө жана токтотууга;

- гүлдөрдү үзүп, дарактардын, бактардын бутактарын сындырууга.

## 6. Тышкы жарыктандыруу

**33.** Муниципалдык менчиктеги көчө жарыктандыруу тармактарын тейлөө айыл өкмөтү дайындалган кызмат көрсөтүүчү/подрядчы тарабынан жүргүзүлөт.

**34.** Жарык берүүчү тармактарды эксплуатациялоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы №155 токтому менен бекитилген электр энергиясын пайдалануу эрежелери менен жөнгө салынат.

**35.** Тышкы жарыктандырууну күйгүзүү жана өчүрүү айыл өкмөтү тарабынан иштелип чыккан график менен жүргүзүлөт.

**36.** Айыл өкмөт коомдук жайларда, негизги трасса боюндагы иштебей турган көчө чырактарынын санына жол берилген ченемди белгилейт.

**37.** Жеке жана юридикалык жактар өздөрүнүн белгиленген аймактарында орнотулган же сатып алынган сырткы жарыктандыруунун элементтерин жабдууга жана жакшы абалда кармап турууга милдеттүү.

**38**. Сырткы жарыктандыруунун жана майрамдык иллюминациянын жаңыдан киргизилген элементтерин жайгаштыруу айыл өкмөтү менен макулдашылат.

## 7. Эрежелерди бузгандыгы үчүн юридикалык жактардын, кызмат адамдарынын жана жарандардын жоопкерчилиги

**39.** Ушул эрежелерди бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана башка укуктук-ченемдик актыларына ылайык, тартиптик жана жарандык жоопкерчилик белгиленет.

**40.** Бул көрктөндүрүүнүн эрежелерин бузууга күнөөлүү юридикалык жана жеке жактар Кыргыз Республикасынын "Укук Бузуулар жөнүндө" кодексинин 114-беренесинин 1-пунктуна ылайык жоопкерчиликке тартылышат.

41. Таштандыларды белгиленбеген жерлерге чыгарган, өрттөгөн юридикалык жана жеке жактар Кыргыз Республикасынын "Укук бузуулар жөнүндө" кодексинин 115-беренсине ылайык жоопкерчилик тартышат.

**42.** Укук бузуулар жөнүндө иштерди кароого ыйгарым укуктуу айыл өкмөтүнүн атайын комиссиялары белгиленген тартипти бузгандарга Кыргыз Республикасынын "Укук бузуулар жөнүндө" кодексине ылайык чараларды көрөт.

**Башчы** **Мурат Шамиль**

Көк-Ой айылдык кеңешинин

2023-жылдын 17-февралындагы

№25 токтому менен бекитилди

**Кок Ой айыл өкмөтүнүн аймагында Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилинде тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча иш- чаралар планы**

| № | Аткарылуучу иш-чаралар | Күтүлүүчү натыйжа | Аткаруу мөөнөтү | Аткарылышын көзөмөлдөө | Аткаруучулар | Каржылоо булагы | Түзүлгөн иш-чаранын негизинде аткарылган иштер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Айыл өкмөтүнүн аймагында 2023-жылы көрктөндүрүү , жашылдандыруу , тазалыкты жана тартипти сактоо боюнча иш-чаралар планын иштеп чыгып бекитүү | Аткарыла турган иштер пландалат жана айыл өкмөтүнүн аймагындагы мекеме-уюмдарга жеткирилет. | 2022-жылдын октябрь айы | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери, айыл өкмөтүнүн аймагындагы мекеме-уюм жетекчилери. | Каржы талап кылынбайт | |
| 2 | Айыл өкмөтүнүн жана айыл өкмөтүнүн аймагындагы мекеме –уюмдардын | Кеңселердин, имараттардын айлана-тегерегин | Жыл сайын атайын белгиленген | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери, айыл өкмөтүнүн | Жергиликтүү бюджеттен | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | кеңсесинин сырткы көрүнүшүн ирээттештирүү, актоо, сырдоо иштерин уюштуруу. | ирээтке келтирилет | ишембилик күндөрү | | аймагындагы мекеме-уюм жетекчилери. | | |
| 3 | Айыл өкмөтүнүн аймагындагы “Жеңиш” паркынын, “Кылым”аянтынын ичин жана арыктарын тазалоо, санитардык абалын ирээтке келтирүү | “Жеңиш” паркы жана “Кылым”аянты ирээтке келет. | 2023-жылдын март -май айлары | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери, №6 Кесиптик лицейи, Т.Кушчубаева, атындагы Көк Ой орто мектебинин жамааты. | Жергиликтүү бюджеттен | |
| 4 | “Биз таза чөйрөдө жашайбыз” жана “Таза айыл” деген демилге менен айылдын тушундагы токой тилкелерин таштандылардан арылтуу | Токой тиркелери таштандылардан арытылат | 15-Апрель<br>16-сентябрь | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери, айыл өкмөтүнүн аймагындагы мекеме-уюмдар, мектеп окуучулары, айыл тургундары | Жергиликтүү бюджеттен | |
| 5 | “Сары Таш” участогундагы таштанды таштоочу жайды айыл өкмөтүнүн техникасынын күчү менен ирээтке келтирүү жана жаңы | Таштанды таштоочу жайлар ирээтке келтирилет жана талапка жооп берген таштанды | 2023-2025-жылдары | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери | Жергиликтүү бюджеттен, АРИС долбоору менен | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | таштанды таштоочу жай куруу. | таштоочу жай курулат. | | | | | |
| 5 | Ийне жалбырактуу карагайдын көчөттөрүн айыл аймагындагы мектеп, мекеме-уюмдардын тегерегине отургузуу жана өсүшүн көзөмөлгө алуу | Айыл аймагындагы мектеп, мекеме-уюмдардын тегереги жашылдандырылат | 2023-жылдын жаз айлары | Айыл окмөтүнүн башчысы | Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери, айыл өкмөтүнүн аймагындагы мекеме-уюмдардын жетекчилери | Жергиликтүү бюджеттен | |
| 7 | Айылдагы негизги трасса болуп Манас, Ленин көчөлөрүнүн боюн ирээтке келтирүү, жаткырылган курулуш материалдарын чыгартуу, таштандыларды атайын белгиленген жерге ташып төгүү. Элге кызмат корсөтүүчү соода түйүндөрүнүн ээлери менен бирдикте тегерегин тазалоо, ирээтке келтирүү иштерин уюштуруу. | Негизги көчөлөр бою ирээтке келет | Жыл сайын Март-май айлары | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери, айыл өкмөтүнүн аймагындагы мекеме-уюмдар, Айылдык Кенеш, айыл тургундары. | Жергиликтүү бюджеттен | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 8 | Негизги көчө боюндагы панолорду көрнөктөрдү жаңыртуу, айылдын кире беришиндеги көрнөктү актоо сырдоо. | Панолор , көрнөктөр жаңыртылат | Жыл сайын апрель-май айлары | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери | Жергиликтүү бюджеттен | |
| 9 | Айыл өкмөтүнүн жана маданият үйүнүн тегерегиндеги скверлердин ичин тазалоо, ирээтке келтирүү, бак-дарактардын түптөрүн актоо. | Кеңсенин алды ирээтке келет, сырткы көрүнүш жакшы абалга келет | Жыл сайын апрель-май айлары | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери | Каржы талап кылынбайт | |
| 10 | Көчөлөрдүн ичиндеги жана туура жолдорго төгүлгөн таштандыларды атайын бөлүнгөн таштанды таштоочу жайга айыл өкмөтүнүн техникасынын жана айыл тургундарынын демилгесинин негизинде ишембиликтерди | 50-55тоннага жакын таштанды чыгарылат | Жыл сайын апрель-май айлары | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Айыл өкмөтү, айыл тургундары, жамааттар. | Жергиликтүү бюджеттен | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | уюштуруп ташып чыгаруу | | | | | | |
| 11 | Айыл ичиндеги негизги көчөлөрдө жана туура көчөлөрдөгү архитектуралык талаптарды бузуп, Кызыл сызыктан өтүп кеткен курулуштарды, тосмолорду тартипке келтирүү. | Негизги көчөлөр жана туура көчөлөр архитертуралыкжактан ирээтке келет | Жыл сайын апрель-май айлары | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Жер , коммуналдык менчик жана өзгөчө кырдаалдар боюнча башкы адис жана Талас райондук архитектура башкармалыгынын өкүлү | Каржы талап кылынбайт | |
| 12 | Айыл өкмөтүнүн аймагындагы айыл тургундарынын жер участокторуна , мекеме-уюмдардын тегерегиндеги бош жаткан жерлерге көчөттөрдү , бак-дарактарды отургузуу иштерин уюштуруу. “Ар бир үйгө 10 көчөт” иш-чарасын айыл тургундарына сунуштоо жана аткарылышын көзөмөлдөө. | Айыл ичинде жашылдандыруу иштери жүрөт. | Жыл сайын апрель-май айлары | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Айыл өкмөтүнүн аймагындагы мектеп, мекеме-уюм жетекчилери | Жергиликтүү бюджеттен | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |
| 13 | Айыл өкмөтүнүн аймагындагы суу түтүктөрүнүн, АВП "Көк Ой-3" суу куйулмаларынын тегерегин тазалоо, ирээтке келтирүү иштерин уюштуруу. | Айыл ичиндеги суу түтүктөрүнүн, башкы суу куйулмаларынын тегереги ирээтке келет | Жыл сайын апрель-май айлары | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Айыл өкмөтү, "Көк Ой -3" АВПнын жетекчиси. | Каржы талап кылынбайт | |
| 14 | Айылдагы Манас,Ленин ж.б. көчөлөрүнүн, мекеме-уюмдардын жанына орнотулган түнкү жарыктарды калыбына келтирүү жана толук иштешин камсыз кылуу. | Көчөлөр бою жарыктандырылат | Дайыма | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Айыл өкмөтү. | Жергиликтүү бюджеттен | |
| 15 | Айыл өкмөтүнүн аймагындагы пресс аянтчаларын ирээтке келтирүү. Айыл өкмөтүнүн аймагындагы | Пресс аянтчалар жаңыртылат, желек жаңыртылат | Жыл сайын Март-май айлары | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Айыл өкмөтү. | Каржы талап кылынбайт | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 13 | Айыл өкмөтүнүн аймагындагы суу түтүктөрүнүн, АВП “Көк Ой-3” суу куйулмаларынын тегерегин тазалоо, ирээтке келтирүү иштерин уюштуруу. | Айыл ичиндеги суу түтүктөрүнүн, башкы суу куйулмаларынын тегереги ирээтке келет | Жыл сайын апрель-май айлары | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Айыл өкмөтү, “Көк Ой -3” АВПнын жетекчиси. | Каржы талап кылынбайт | |
| 14 | Айылдагы Манас,Ленин ж.б. көчөлөрүнүн, мекеме-уюмдардын жанына орнотулган түнкү жарыктарды калыбына келтирүү жана толук иштешин камсыз кылуу. | Көчөлөр бою жарыктандырылат | Дайыма | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Айыл өкмөтү. | Жергиликтүү бюджеттен | |
| 15 | Айыл өкмөтүнүн аймагындагы пресс аянтчаларын ирээтке келтирүү. Айыл өкмөтүнүн аймагындагы | Пресс аянтчалар жаңыртылат, желек жаңыртылат | Жыл сайын Март-май айлары | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Айыл өкмөтү. | Каржы талап кылынбайт | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | флагштоктогу желекти жаңыртуу жана дайыма илинип туруусун камсыз кылуу. | | | | | | |

**Башчы** **Мурат Шамиль**